ТҮРКОЛОГИЯДА БЕЙВЕРБАЛДЫК КАРАЖАТТАРДЫН ИЗИЛДЕНИШИ

Жамал АРТЫКОВА[*]

Гулшан САДЫРАЛИЕВА[*]

Мазмун: Бул макалада бейвербалдык каражаттардын тектеш түрк тилдеринде жана да кыргыз тил илиминде изилдөө иштеринин жалпы жүрүшү, анда кайсы аспектилерде, кайсыл окумуштуулар илимий эмгектерди жазгандыгы боюнча талданат. Ымдоо-жаңсоолордун бир канча улутка тиешелүү болгонун жана да сырткы түзүлүшү окшош болгону менен ар бир улутта ар кандай колдонулат. Ар бир маданияттын өзүнө гана тиешелүү кайталангыс стереотиптүү менталдык денеенин кыймыл абалдары болот жана бейвербалдык белгилер кепти коштоп жүрсө да, кепке карата негизги орунга ээ болсо, кеп ага багыныңкы абалда болот. Улуттун белгилерин, анын байланыш кебиндеги маданий өзгөчөлүктөрүн, өз ара алака мамилесин, жүрүм-турумдарын тилдин ички түзүлүшү аркылуу гана изилдебестен, ошол вербалдык эмес каражаттарынын негизинде изилдешет. Ар бир элдин эмоционалдык жана менталдык вербалдык эмес абалдарынын вербалдык б.а. тил каражаттары аркылуу тилде берилиши, көркөмдүк образды жаратуудагы орду, ошондой эле тектеш түрк тилдердеги бейвербалдык каражаттардын окшоштугу, айырмачылыгы каралды. Кандай гана ымдоо-жаңсоо болбосун, анда милдеттүү түрдө кандайдыр бир максат көздөлөт жана анын негизинде маалымат туюнтулат.

Түйүндүү Сөздөр: *Бейвербал, Жест, Этикет, Этнолингвистика, Түрк Тилдери, Кыргыз Тили, Түркология, Лингвистика*.

Study of Non-Verbal Means in Turkology

Abstract: This article analyzes the general progress of non-verbal means of research in related Turkish languages and Kyrgyz linguistics, on which aspects and which scholars have written scientific works. Although gestures are related to several peoples and have similar external structure, they are used differently in each nation. Each culture has its own unique stereotyped mental body movements, and although nonverbal signs accompany speech, if anything they have a primary place in relation to speech, speech is subordinate to it. They study the signs of a nation, its cultural characteristics in the language of communication, relationships, behavior not only through the internal structure of language, but also on the basis of those nonverbal means.Emotional and mental nonverbal states of each nation are verbal, i.e. the transmission in language through linguistic means, its role in creating an artistic image, as well as the similarities and differences of nonverbal means in related Turkish languages have been considered. Any gesture should have a purpose and convey information based on it.

Key Words: *Non-Verbal, Etiquette, Ethnolinguistics, Turkic Languages, Kyrgyz Language, Turkology, Linguistics.*

Тилди коммуникативдик жактан кароо кептик коммуникацияга жана аны коштоп жүргөн факторлорго болгон кызыгууну жаратты. Ошентип, лингвистиканын изилдөө талаасында коммуникациянын бейвербалдык компоненттери вербалдык каражаттар менен бирдикте, оозеки жана жазма кепте көркөм чыгарманын текстиндеги орду карала баштады.

Бейвербалдык коммуникацияга болгон кызыгуу байыркы мезгилдерден бери эле, тилдин пайда болушу жөнүндөгү маселе алгач жесттик тил пайда болгон жана анын базасында тыбыштык тил өнүккөн деген теориянын негизинде уланып келет.

Азыркы тил илиминде бейвербалдык пикир алышууга болгон кызыгуунун жаралышы анын вербалдык семиотика менен карым-катышы өзгөчө интерпретацияны туудурганы менен байланыштуу.

Пикир алышуунун бейвербалдык каражаттары кептеги объективдүү компоненттердин бири болуп саналат. Ал адамдардын жалпы пикир алмашуу системасына терең сиңип кеткен, белгилер системасына тиешелүү болгон көп багыттуу - феномен. Кээ бир учурларда ымдоо-жаңсоолор кадимки сөзгө караганда көркөм, курч маанини берет. Бул өзгөчөлүк жеке эле кыргыз тилине тиешелүү эмес экендиги анык. Демек, сүйлөшүү учурундагы негизги фатикалык жана коннотативдик функцияны кинесикалык коммуникация аткарат. Башкача айтканда, ымдоо-жаңсоолор кептик

[*] К.Карасаев Атындагы Бишкек Мамлекеттик Университети, Бишкек, Кыргызстан, obshyr@mail.ru

[*]К.Карасаев Атындагы Бишкек Мамлекеттик Университети, Бишкек, Кыргызстан, gsadyralieva@bhu.kg

DOI :10.30546/100981.1.2024.005

элементтерге караганда чоң маалыматты камтып, кыска убакыттын ичинде ал маалыматты берүүгө жөндөмдүү.

Маселен, «Манас» эпосундагы колго байланыштуу *кол куушуруу* деген бейвербалдык каражатын карап көрөлү: *Казак, кыргыз калкы бар Карыя Жакып наркы бар, Жандын баары күңгүрөп,* «*Жакшы кеп*!» - *деп, дүңгүрөп. Жалпы аламан баарысы, Кол куушуруп турганы* (СО: 1470). Бул жерде кол куушуруу – сый-урмат, колдоо баш ийүү, өтүнүч кылуу деген маанини камтып турат. Мындай жагдайды сөз менен берүү жетишсиз. Келтирилген мисалдагы *кол куушуруу* угуучуга, окурманга бир кыймыл-аракеттин абалы менен так, даана жеткирилип, ичине жөнөкөй сөз менен айтып жеткирүүгө мүмкүн болбогон экспрессия жана эмоцияны туюндурат. Ошондуктан кеп агымында айтым менен бирге ар кандай эмоция жана сезимдерди берүүдө ымдоо-жаңсоолор кызмат аткарат. Ал ачууланууу, кубануу, сүйүнүү, ыраазы болуу, жек көрүү, капалануу ж.б. эмоциясы.

Ушул сыяктуу эмоцияларды берүүдө бейвербалдык кыймылдар түздөн-түз катышат. Мындай кыймылдар ойду же маалыматты тилдик бирдиктер менен берүүгө мүмкүн болбогон учурда, же сүйлөөчү, баяндоочу эмоциялык басымда турганда, же сөздөр тигил же бул эмоциялык боекчону талап кылганда колдонулат. Мына ушундай учурларда сөздөр менен катар ымдоо-жаңсоолор пикир алышуу процессине катышат. Ошондуктан көпчүлүк элдер үчүн улуттук мүнөздөгү бейвербалдык кыймыл-аракеттер таралган. Ал кыймыл-аракеттер угуучуга да, айтуучуга да маалыматты берүүдө чоң мааниге ээ.

Ымдоо - жаңсоолордун таралуу чөйрөсү да төмөнкүдөй ар түрдүү болот:

а) бир канча улутка тиешелүү;

б) ымдоо-жаңсоолор сырткы түзүлүшү окшош болгону менен ар бир улутта ар кандай болот.

Карай турган болсок, түркологияда бейвербалдык каржаттарды изилдөөнүн башталышы катары түрк тилдерине мүнөздүү болгон табыш жана элес тууранды сөздөргө байланыштуу жүргүзүлгөн иликтөөлөрдү айтууга болот. Мындай изилдөөлөрдүн башында 1918-жылы жарык көргөн Н.И.Ашмариндин «Основы чувашской мимологии» аттуу эмгеги турат. Аталган эмгекте алгач ирет мимемаларды изилдөөнүн теориялык негиздери гана эмес алардын практикалык классификациясы сунушталган.

Кийин академик Н.К.Дмитриев өзүнүн «Строй тюркских языков» аттуу эмгегинин «К изучению турецкой мимологии» аттуу бөлүмүндө түрк тилдериндеги өзгөчө мимикалык кубулуштардын тобуна токтологон. Анда кандай гана тилдик бирдик болбосун башка бирдик жана формалар менен бирдикте гана мааниге ээ болот. Ошондон улам кептин эки жагы бар: биринчиси - пикир алышууда коммуниканттардын ортосундагы байланышка негизделген практикалык контекст, экинчиси – лингвистикалык контекстте башка тилдик бирдиктер менен тыгыз байланышта болгон семантикалык бирдиктер. Анткени тил – тилдик бирдиктердин жыйынтыгы гана болуп саналбастан, кептик циклдерден жана фразалык түзүлүштөрдөн турган система. Демек, пикир алышууда кандайдыр бир маалыматты берүү максаты көздөлсө, башка да тилдик бирдиктер кошулат. Мында адамдар ортосундагы ой, идеянын берилишиндеги комплекстүү бирдиктери экени белгиленген (Дмитриев, 1962).

Казак изилдөөчүсү Б.Момынованын пикири боюнча, когнитивдик көз караштан алганда дене кыймылынын, ымдоо-жаңсоонун изилдениши социалдык, психологиялык, лингвистикалык жана башка тилдик фактыларга караганда жаңы, теориялык жактан жетик изилдене элек багыт болуп саналат (Момынова 2003: 16).

Казак тилинде бул маселеге арналган төмөнкүдөй эмгектерди атоого болот: С.Бейсембаеванын «Невербальные компоненты коммуникации в казахском языке»

аттуу диссертациялык иши (2002), Б.Қ.Момынова, С.Бейсембаева «Қазақ тіліндегі ым мен ишараттың қазақша-орысша түсіндірме сөздігі» (2003); Б.Момынованын «Лидерлер имиджін қалыптастырудағы бейвербалды элементтер мен бағалауыштық лексиканың рөлі» (2003), А.Т.Оналбаеванын «Фразеологизмы жестовой семантики» (2010), А.Т.Оналбаеванын «Невербальное общение: социальный и национально-культурный контекст» (2010), Р.Ш.Бердалиеванын «Национально-культурная специфика невербальной модели общения (на материале художественных текстов казахских писателей)» (2010) ж.б.

Булардын ичинен С.Б.Бейсембаеванын эмгегинде бейвербалдык каражаттар пикир алышуучулардын жынысына, жаш-курак өзгөчөлүгүнө, ымдоо-жаңсоо белгилеринин аткарылышына, ымдоо-жаңсоолордун түзүлүшүнө, кепте көп же аз колдонулушуна жана семантикасына карата бөлүштүрүлөт.

Өзбек тилинде М.Саидхановдун «Невербальные средства коммуникации и их лингвистическая манифестация в узбекском языке» (1993) деген диссертациялык иши өзбек тилиндеги бейвербалдык каражаттардын функционалдык кызматын изилдөөгө арналган. Иш үч баптан турат. Биринчи бап «Пикир алышуу жана бейвербалдык каражаттар» деп аталат да, анда адамдардын пикир алышуу процессиндеги бейвербалдык каражаттардын орду талдоого алынат. Өзбек элинин байыртадан бери калыптанган пикир алышуу формасы катары ритуалдык, этикет формасы, жест жана мимика көрсөтүлөт. Пикир алышуунун максатына ылайык өзбектер бейвербалдык каражаттарды төмөнкү учурларда колдонот: 1) сүйлөшүп жаткан адамдардын ортосунда тилдик байланыш жок болсо; 2) коммуникативдик актыда тоскоолдук болсо; 3) коммуниканттар башкалардан бир нерсени жашыруу үчүн колдонот; 4) коммуниканттардын бирөө бир нерсени далилдөө үчүн колдонот; 5) угуучуга таасир калтыруу үчүн колдонушат (Саидханов 1993: 26).

Вербалдык эмес каражаттардын түркология жаатында изилденишинин кийинки этабында социалдык-маданий, тарыхый аспект басымдуулук кылгандыгын илимий эмгектерден көрүүгө болот. Маселен туванын элдик салттуу маданиятына багытталган изилдөөлөрдүн контекстинде башка маселелр менен катар вербалдык эмес каражаттар да изилдөөгө алынган. Мындай изилдөөлөргө Н.А.Сердобовдун “История формирования тувинской нации” (1971), Г.Е.Грумм-Грижигайло, М.Б.Кенин-Лопсандын “Традиционная культура тувинцев” (2006), А.К.Кужугеттин “Духовная культура тувинцев: структура и трасформация” (2006) өңдүү эмгектерин киргизүүгө болот. Аталган эмгектерден тувалыктардын вербалдык эмес жүрүм-турумуна, алардын элдик бийлеринде, ырым-жырымдарындагы символдук кыймыл-жаңсоолор туурасындагы маалыматтарды кезиктирүүгө болот. “...Тувалыктар сөзгө да, ишаратка да өтө кылдат мамиле кылышкан. Бул элдин менталитетинин маанилүү өзгөчөлүгү катары белгилей кетүү керек: сөзго сараңдык эмес, адамдын ар бир айтканына, кылган ишине кылдат, ойлонгон мамилеси. Баяндап жаткан адам жаныбарды туураган эмес, башка үндөрдү чыгарган эмес, бирок мимикасы ар түрдүү болгон: аңгемеде коркунучтуу жер болсо, жүзү бурмаланып, жайдары болсо жылмайып турган. Угармандар да окуяга ушунчалык берилип кеткендиктен, алардын жүзүнөн эмне айтылып жатканын билүүгө болот” (Кужугет,2009).

Чуваш тилиндеги бейвербалдык каражаттардын табияты А.В.Кузнецовдун «Вербальные средства этикетного общения в чувашском языке: Опыт компаративного, контрастивного и этнолингвокультурологического изучения» (2004) аттуу диссертациялык ишинде кеңири иликтөөгө алынган. Бул иште чуваш тилиндеги бейвербалдык каражаттардын өзгөчөлүгү, алардын коомдо, маданиятта жана тилдеги орду аныкталган.

Кээ бир түрк тилдериндеги бейвербалдык каражаттардын орду, мааниси

«Национально-культурная специфика речевого общения народов СССР» (НКСРОНС) (1982) аттуу жыйнакта берилген. Мында азербайжан, татар, башкыр жана кыргыз тилдериндеги пикир алышуунун өзгөчөлүктөрү жана бейвербалдык каражаттардын тилдеги, маданияттагы орду кенен каралган. Ошону менен бирге абхаз, монгол, калмак, адыгей, эскимос тилдериндеги пикир алышуудагы бейвербалдык каражаттар тууралуу сөз болот. Жыйнакта ар бир тилдин коммуникативдик шарты, үндүн тембри, андан соң ар бир улуттун маданиятындагы ритуалдар, паралингвистикалык каражаттар баяндалат. Алсак, кыргыз элинин пикир алышуусундагы өзгөчөлүк тууралуу Д.Сыдыкбекованын сыпаттамасы берилет. Автор кыргыз тилиндеги ымдоо-жаңсоолор башка тектеш тилдерге караганда азыраак экендигин белгилейт: «Кыргыздардын жаңсоолору жана мимикасы жада калса тили жана тарыхы боюнча тектеш элдерден – казактар менен өзбектерден айырмаланып турат: ошентип, казактардын жаңсоолору салыштырмалуу сыпайы, мимикасы бир аз жандуураак көрүнөт. Өзбектердин жаңсоолорунда манжалардын кичине кыймылдары байкалат, бирок алар бир топ экспрессивдүүлүккө ээ. Кыргыздын элдик этикасында ашыкча жаңдоо терс көрүнүш катары каралат» (НКСРОНС 1982: 86).

Тигил же бул улутка тиешелүү эмоция, негизинен, көркөм адабиятта кеңири чагылдырылат. Адам көркөм адабиятты окуп, ошол физиогномикалык стереотиптер тууралуу билим топтойт, каармандын сырткы жана ички эмоциясын айкаштырууну жана ички ой-сезимдерди туюп-билүүгө үйрөнөт.

Бейвербалдык каражаттардын көркөм тексте сүрөттөлүшү окурман тарабынан каармандардын кебин түшүнүүгө көмөктөшөт жана сүрөттөөчү каражат катары келет. Көркөм чыгармада ар кандай ымдоо, жаңсоолор жана дене кыймылдары аркылуу каармандардын мүнөзү, алардын улуттук жана индивидуалдык өзгөчөлүгү, сүйлөө манерасы, маданияты жана башка мүнөздөрү берилет. Ошону менен бирге бейвербалдык каражаттардын жардамы менен сүйлөөчүнүн психофизиологиялык жана эмоциялык абалы, анын ички дүйнөсү чагылдырылат.

Текст ичиндеги бейвербалдык жагдайлар пауза, кептин ылдамдыгы, интонацияга тиешелүү тыныш белгилери аркылуу ишке ашат. Тембр, интенсивдүүлүк, кептин паралингвистикалык каражаттардын (кыйкырды, колун шилтеди, баш ийкеди, көзүн кысты, көзүн жүлжүйттү) коштоосу негизинен сыпатталып, сүрөттөлүп берилет. Бирок кээ бир учурларда адамдын ички сезими тыныш белгилер (суроо, илеп, көп чекит) аркылуу гана сыпатталышы мүмкүн. Мисалы *таң калууну* суроо белгиси аркылуу туюндурса болот: *Кармашпай Манас коюппу? Карадан көзү тоюппу?* (СО: 369).

Паратилдик элементтер жана жесттер кептик коммуникацияны толугу менен бузуп, *сөздөрдү сүрүп чыгарып* да салат. Кээ бир жагдайларда эч кандай сөздүн, сүрөттөөнүн кереги жок, болгону ошол мезгилде болуп жаткан эмоциялык абалдар, кыймыл-аракеттер аркылуу гана иштин чоо-жайын аңдап билүүгө болот. Карап көрөлү: *Серектин көзү жаштанып, сыр алдырбай зыңкыйып, Сыргак турат кымпыйып* (СО: 1404).

Ошондой эле азербайжан тилиндеги пикир алышуунун өзгөчөлүктөрү тууралуу жазылган А.Р.Балаян, А.Ш.Шабановдордун макаласына кайрылсак, анда азербайжан элинин кебинин темпи, сырдык сөздөр, ымдоо жана жаңсоолор сыпатталат. Ошону менен бирге азербайжан эли сүйлөшүү учурунда ымдоо-жаңсоолорду салыштырмалуу көп колдонору баса белгиленип, анын аймакка да көз каранды экендиги айтылат: «Мимикалар жана жаңсоолор аймактык, ошондой эле, негизинен, социалдык жана статустук мүнөзгө ээ» (НКСРОНС, 1982: 88).

Татар жана башкырлардын пикир алышуудагы өзгөчөлүктөрү Ф.Ф.Султановдун макаласында берилген. Коммуникативдик жүрүм-туруму боюнча татар жана

башкырлар окшошуп кетишет. Албетте, бул окшоштук алардын тилдеринин тектештиги, жашаган аймактарынын жакындыгы, өткөн кылымдардагы социалдык жана экономикалык турмушунун окшоштугу, ислам дининде болушу, орус тилинин таасири менен шартталат. Татар жана башкыр тилдери сырдык сөздөргө жана тууранды сөздөргө өтө бай. Сырдык сөздөр маани жактан эмоциялык жана императивдик деген топторго бөлүштүрүлөт. Ал эми мал-жаныбарларга колдонулган тууранды сөздөрдү тыбыштык жесттер деп аташат. Ымдоо жана жаңсоолорду алсак, анда татар жана башкыр элдеринин кебинде аз колдонулары белгиленет. Анын себебин авторлор мындай түшүндүрүшөт: «Бул мусулман дининдеги татарлар менен башкырлардын коммуникативдик жүрүм-турумуна өткөн мезгилде күчтүү таасир эткендиктен, алар сезимдик аскетизмдин бир түрүн карманышкан жана адамдын сырткы эмоциялык активдүүлүгүн билдиришкен» (НКСРОНС, 1982: 88).

Бейвербалдык каражаттар пикир алышуудагы экспрессивдик-регулятивдик функцияны аткаруучу, көрүү аркылуу кабыл алынуучу кыймыл-аракеттердин диапазону болот. Мында колдун, буттун, дененин, беттин, көздүн ж.б. дене мүчөлөрүнүн кыймылынан сырткары, үндүн өзгөрүлүп чыгуусу, ыйлоо, үшкүрүү, өңү-түстүн кызарып-бозоруп өзгөрүүлөрү, ошондой эле буюмдарды колдонуу аркылу берилүүчү тилдик эмес түшүндүрүү каражаттары: эшикти каккылоо, сүйлөп жаткан кишиге көңүл бурдуруу үчүн бокалды кашык менен ургулоо, адамдын кийинүүсү, чач жасалгалоосу, түстөр, кол жазмасы, сүйлөшүү учурундагы аралыктар, жыттар бейвербалдык каражаттарга кирет.

Ар бир маданияттын өзүнө гана тиешелүү кайталангыс стереотиптүү менталдык (лат. *mens, mentis* – акыл, эс, ой, туюм) дененин кыймыл абалдары болот. Менталдык абалдар аң-сезимдүү түрдө аткарылат жана жаш өзгөчөлүктөрүнө, жынысына, социалдык иерархиялык абалына жараша колдонулуп, өзүнчө жазылбаган закон катары жашап, салттуу көрүнүш катары муундан-муунга өтүп жашап келет. Бейвербалдык белгилер кепти коштоп жүрсө да, кепке карата негизги орунга ээ болсо, кеп ага багыныңкы абалда болот. Менталдык абалда дене кыймылы аң сезимдүү түрдө аткарылат да, ал аркылуу адамдын дүйнө таанымы байкалып турат. Эмоциялык бейвербалдык каражаттар сыяктуу мында да дене-мүчөнүн кинемалары, мимикалары, символдук кыймылдар, фонация, проксемика, такесика, окулесикалык көздүн кыймылы, ольфакция ж.б. каражаттар аркылуу ишке ашат.

Казак окумуштуусу М.М.Муканов этникалык-турмуштук бейвербалдык белгилерди төмөнкүдөй топторго бөлүштүрөт: *учурашуу белгилери; ыраазычылык белгилери; улууларды жана жакындарды сыйлоо белгилери; убада жана ант берүү белгилери; жек көрүү жана басмырлоо белгилери; таң калуу белгилери, өтүнүү белгилери* (Муканов, 1972: 110).

Тектеш түрк тилдүү элдердин тилдеринде вербалдык эмес каражаттардын колдонулушундагы айырма-өзгөчөлүктөр айрым социалдык, тарыхый, диний факторлордун таасири астында болуусу мүмкүн экендигин М.Саидханов өзүнүн изилдөөлөрүндө белгилейт. Айталы, ислам дининин таасири менен Орто Азия аялдары сүйлөшүү мезгилинде өз пикирин акырын, жай айтууга мажбур болушкан. Үй-бүлө мамилесинде келин менен кайнатанын сүйлөшүүсү “жөтөлүү”, “тамагын жасоо”, ‘”көз караш менен түшүндүрүү” сыяктуу белгилердин жардамында жүргүзүлгөн. Б.Х.Алиев менен С.Н.Салибаевдердин менен ымдоо-жаңсоо белгилеринин байланышы тууралуу татар, башкыр элдериндеги улуу муундагы адамдардын ымдоо-жаңсоо белгилерин изилдөө учурунда ислам дининин сүйлөө этикетине тийгизген таасирин байкагандыгын белгилешет.

Кыргыз эли башка улуттардан айырмаланып, көчмөн турмушун, анын таасиринде калыптанган эркин аң-сезимин, дүйнө таанымын азыркы мезгилге чейин

сактай алган. Андыктан кыргыз эли тажик, өзбек, араб, түрк ж.б. элдерге салыштырмалуу сүйлөшүү учурунда ымдоо-жаңсоо белгилерин аз санда колдонуп келет (Ботобекова, 2007). Кыргыз элинин этномаданияттык өзгөчөлүктөрүн кароодо биз «Манас» эпосунун негизинде карап көрөлү.

Мисалы ***“жүгүнүү”*** деген салттык башкача айтканда атайлап аң-сезимдүү түрдө жасалган менталдык кыймыл-аракетке сыпаттама берсек, бул этиш байыркы түрк тилинде *йүкүн* түрүндө айтылган. Ошол кезде эле бул сөз кандай морфемалардан куралганы белгисиз болуп калган. Байыркы түркчө *йүкүн* сөзү андан да мурдараактагы *чөкүн* сөзүнөн келип чыккан.*Чөк* этиши байыркы кезде *тизелеп отуруу* дегенди билдирген. Ага этиштин өздүк мамилесинин *–ын* мүчөсү жалганып, *чөкүн* сөзү жаралган. Мына ушул чөкүн сөзүнүн башкы ч тыбышы *й (ж)* тыбышына өтүүдөн *йүкүн (жүкүн)* түрүнө келген. Азыркы кезде адам жүгүнгөндө чөгөлөп отурбай, белин бир аз ийип тим болот. Ушуга карап *жүгүн* сөзү *чөгүн (чөк+үн*) сөзүнөн келип чыккан болуу керек. Замандар өтүү менен байыркы кездеги жүгүнүүнүн өзү өзгөрүп кеткен. Байыркы кезде *жүгүнүү* баш ийгендиктин бирден-бир белгиси болгон. Хандын алдында бардык кишилер чөгөлөп отуруп, башын жерге тийгизип таазим кылган. Кийин мындай жүгүнүүнүн формасы жеңилдетилип, үй-бүлөдөгү аксакалдарга, улууларга белин ийип, колун бооруна алып коюу менен алмашылган жана аларга болгон сый-урматты билдирип калган. (Карасаев 1982: 107). М: *Ошондо кан катыны Каныкей Кан Кошойго жүгүнүп, Тизеси жерге бүгүлүп, Бата сурап балага, Жалдырап турду ийилип* (СК: 6).

Камчы салуу. Камчы – ат жабдыктарынын бири. Кыргыздар эзелтеден бери камчыны колдонуучу буюм, колундагы курал катары гана урунбастан, көркөм буюм, символ катары колдонуп келишкен. Камчы мал айдоо үчүн гана колдонулбастан, эр жигиттин сүрү, куралы, бийликтин символу катары да таанылган. Жоокерчилик заманда башына коргошун уютулган камчы менен душманды жыга чапкан учурлар болгон. Кыргыздар камчынын тилеги жакшы, «наристе, эркек бала камчылансын, уулдуу бол» деп ырымдап белекке беришчү.

Эпостогу *Камчы тиштеп теминип, Жулкулдашып калыптыр* деген саптарда жоокерлердин душманы менен урушуусунда жана бири-бири менен эңишүүдө, көк бөрү тартышууда эркин кыймылдаш үчүн камчыны тиштеп алышып аракеттенишкен. Баатырлар бири-бирине сөз берип убадалашканда *камчы тиштеп* убадаларын бекемдешкен. Ошондой эле камчы күлүк, жорго аттарга жана айттырбай билген акылман адамдарга карата да айтылып *камчы салдырбаган күлүк эле* делинип даңазаланган. Далай кылымдарды кучагына камтыган теңсиздик заман учурунда айрым бийлиги катуу өкүмдарларга карата баланчанын *камчысы катуу* деген наалат айтып мүңкүрөшкөн. Ошол бийликтин белгиси катары, тигил билермандар өз атынан бирөөдөн камчысын бердирип, доосун доолап, салыгын салдырып, салам дубайын айттырып, өз пайдасындагы иштерин жүргүзүшкөн. Эпикалык даректерге караганда камчы кандайдыр бир *ченем бирдиги* катары да пайдаланылат. Олжо-мүлктү ар кимдин эрдигине жараша бөлүү деген маанини берет.

Ал эми *мойнуна камчы салуу* – баш ийүү, кечирим суроонун белгиси болгон. Эпосто бул ишараат көп кездешет: *Камчысын салып мойнуна: «күнөөмдү кечир» -деп Чубакка, Алмамбет турду жүгүнүп*. Ал эми, жакшы кишиден, баатырдан, эл башчысынан тартуу, белек катары камчы же башка буюмдун берилиши бул өтө чоң сыймык катары каралып, ошол кишинин жакшы сапаттары буюму менен кошо жугат деп түшүнүп келген. *Көп сагынган балага, Баатыр камчысын берди белекке. Баатырың камчысын сунуп турганда Камчысын кармап билгизип, Семетейдин чекесине тийгизип* (СК: 945). Кичинекей ымыркайдын, жаш баланын чекесине камчыны тийгизип коюу кинемасы аркылуу, бул ошону эркелетип, өтө жакшы көрүп,

берилгендиктин белгиси катары кабыл алынган. Анткени сугу түшүп мерт болуп же ооруп калбасын деп, наристени баатырлар, чоң кишилер өпкөн эмес, камчысын чекесине тек гана тийгизүү менен чектелген.

Ошондой эле үйдүн ээсин кемсинтүү, теңсинбөө, сыйлабоо, ачууланууу маанисинде ***камчысын сүйрөп кирүү*** кыймылы да бар. Камчы сүйрөп кирүү – душмандыкты билдирүү. Үй ээси менен келише албаган, уруш, жаңжал чыгаргысы келген, камчысын колунан түшүрбөй кыйкымдуу учурду күткөн адамдын кыймыл-аракет, ишааратты болуп саналат (СК: 665), *Айыбына Манасты Ошол бурут бербесе, Камчы сүйрөп киргиле, Кызыталак буруттун Как куйкасын тилгиле* (СК: 120).

Каада-салттык жөрөлгөдө *сезим* логикалуу түрдө чагылдырылгандыктан, сырдуу кыймыл-аракет, ырым-жырымдарды сезимдин артикуляциясы катары кароого болот. Мындай артикуляцияны кадимки эмоция эмес, татаал туруктуу мамиле түзөт. Каада-салтта эмоция эркин туюндурулбастан, жөнгө салынган туруктуу *мамиле* аркылуу берет (Төлөкова, 2011: 29).

Улуттун белгилерин, анын байланыш кебиндеги маданий өзгөчөлүктөрүн, өз ара алака мамилесин, жүрүм-турумдарын тилдин ички түзүлүшү аркылуу гана изилдебестен, ошол вербалдык эмес каражаттарынын негизинде изилдешет (Ботобекова, 2002: 102).

Кыргыз элинин ошондой эле жалпы тектеш түрк элдеринин түшүнүгүндө *моюн* эрктин, күчтүн символу. Ага кыргыз тилиндеги *моюн алышуу (абдан таттуу болуу, аябай ынтымактуу болуу) моюнга алуу, моюн бербөө, мойну катуу, моюн сунуу, моюн таптык кылуу, мойну жоон, моюн толгоо, моюнга түшүү, моюну жар бербөө, мойнуна минүү, моюнуна сорпо төгүлүү, мойнунда карызы бар* деген сыяктуу туруктуу сөз айкаштары далил боло алат. Ошондуктан камчыны да моюнга салып келишсе керек. Бул кыймылды жасаган адам эч нерсе деп сүйлөбөсө да, карап турган адам анын маанисин дароо түшүнгөн.

Кур салуу – толук багынганын билгизип, кулдук уруп айыбы, кылмышы үчүн бирөөлөрдөн кечирим суроо. Кудай жана башка жогорку күчтөрдөн кандайдыр бир көмөк, жардам сурап тиленгенде жасалган жөрөлгө. Манас эр жетип, катылган кара кытай, калмактардын катыгын берип, жоосу да, досу да көбөйүп турган чакта Алтай жериндеги кыргыз, казак элинин аксакалдары чогулуп, Ала-Тоого кетүү үчүн кеңешкенде: *Мойнуна курун салынып Боздоп турду Бай Жакып Жаратканга жалынып* (СК: 218). Мында кыйналып, айласы кетип тургандыктын белгиси катары берилсе, ал эми бул учурда бир аз башка маанини камтып турат: *Кашкайып күлүп сүйүнүп, Боз кисесин тагынып, Туура тартып Алмамбет туйгунду: «Батаң бергин!» -деп, Мойнуна курун салынып, Батасын сурап Манастын, Карап турду жалынып* (СК: 572). Алманбет өзүнө ак жол тилеп, хандын уруксатын, өзүнүн оюна анын да тилектеш болушун каалап турагандыгын билдирген бейвербалдык абал.

Жыйынтыктап айтканда, жалпы түркологияда бейвербалдык каражаттарды ар түрдүү аспектиде изилдөө иши азыркы күндө бир топ деңгээлде колго алынып, окмуштууларды кызыгуусун арттырып турат десек болот. Ар бир элдин дүйнө таанымы, дүйнөнү кабылдоосунун өзгөчөлүгү бейвербалдык каражаттар аркылуу да берилип, этнолингвистика, этномаданият, этнопсихология илимдерин тыгыз байланышта кароону талап кылат.

АДАБИЯТТАР

1. Ашмарин, Н.И (1918). Основы чувашской мимологии: О подражательных словах в чувашском языке (Текст) /– Казань.
2. Бейсембаева, С. (2002) Невербальные компоненты коммуникации в казахском языке (Текст): автореферат канд. филол.наук / С.Бейсембаева. - 10.02.02. –

Алматы.
3. Ботобекова, А. (2007) Кыргыздардын сүйлөшүүсүндөгү вербалдык эмес каражаттар системасы / А.Ботобекова. – Бишкек.
4. Дмитриев, Н.К. (1962) Строй тюркских языков / Н.К. Дмитриев. – Москва.
5. Кужугет, А.К. (2006) Духовная культура тувинцев: структура и трансформация / А. К. Кужугет. – Кемерово.
6. Манас: кыргыз элинин баатырдык эпосу (1995), 2-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча. Кырг.респ.Ул.илимдер академиясынын адабият жана искусство ин-ту. –Бишкек.
7. Манас: С.Каралаевдин варианты б-ча (2010) / Түз.: А.Жайнакова, А.Акматалиев.- Бишкек.
8. Момынова, Б.Қ (2003). Қазақ тіліндегі ым мен ишараттың қазақша-орысша түсіндірме сөздігі. Алматы.
9. Муканов, М.М. (1972) Этнопсихологическая специфика невербальных коммуникантов знаков. Психология – С.109-117.
10. Национальная специфика речевого общения народов СССР (1982) Москва, С.88-93.
11. Саидханов, М.(1993) Невербальные средства коммуникации и их лингвистическая манифестация в узбекском языке. Ташкент.